А.10.3 Банк түшкөн төлөмдүк документтердин жана/же Кардардын колтамгасынын аныктыгына Банктын шектенүүсү болгон учурда жана\же өзүнүн кароосу боюнча башка себептер болгон учурда Банк факсималдуу байланыш же электрондук почта аркылуу Банкка келип түшкөн кандай болбосун буйрууларды аткаруудан баш тартуу укугун өзүндө калтырат. Банк бул учурда Кардардын документинин көчүрмөсүн алган датадан 3 (үч) банктык күндүн ичинде буйрукту аткарбай тургандыгы жөнүндө өзүнө ыңгайлуу болгон формада Кардарга кабарлайт. Банк ошондой эле Кардардын ушундай буйрууларын аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликте болбойт.

А.10.4 Кардар төмөндөгүлөр үчүн Банк жоопкерчиликте болбой тургандыгына макулдугун билдирет:

- Документтердин жалгандыгынан жана жасалма болгондугунан келип чыккан кесепет үчүн;
- Банк өз операцияларын жасоодо зарыл болгон жалпы же жеке кошулган байланыш каражаттардын бузулгандыгы же иштебей калгандыгы үчүн;
- Факстык байланыш же электрондук почта аркылуу алган туура эмес же жетишсиз маалыматтар үчүн, же ката жана толук эмес буйруктар үчүн;
- Кардардан анын нускамасынын түпнускасы алынбаганы үчүн.

считаться расторгнутым после завершения всех взаиморасчетов между Сторонами.

## 10. Особые условия

### А) *передача платежных документов с использованием средств связи*

А.10.1 На основании заявления Клиента, одобренного Банком, Банк будет совершать операции Клиента, инструкции на совершение которых были отправлены по факсу или в отсканированном виде по электронной почте.

А.10.2 Клиент согласен и принимает на себя ответственность за все последствия, которые могут возникнуть по передаче Банку любых инструкций, касающихся операций по его расчетному счету, посредством факсимильной связи или электронной почты.

А.10.3 Банк оставляет за собой право отказать в исполнении любого из распоряжений, поступивших в Банк посредством факсимильной связи или по электронной почте, если у Банка возникнут сомнения в достоверности поступивших платежных документов и/или подписей Клиента и/или по любой другой причине, по своему усмотрению. В этом случае Банк извещает Клиента в любой удобной для него форме о неисполнении распоряжений Клиента в течение 3 (трех) банковских дней с даты получения копии документа Клиента. Банк также не несет ответственности за неисполнение таких распоряжений Клиента.

А.10.4 Клиент согласен, что Банк не несет ответственности:

- за последствия, возникшие в результате подделки и фальсификации документов;
- за поломку или неисправность подключенных общих или частных средств связи, от которых зависит Банк при проведении своих операций;
- за любую неправильную или недостаточную информацию или ошибочные и неполные распоряжения, полученные им посредством факсовой связи или по электронной почте;
- за неполучение Банком от Клиента оригинала инструкции Клиента.

| | |
|---|---|
| А.10.5 Кардардын буйруктарын ушул Келишимдин А.10.3. жана А.10.4. пункттарында көрсөтүлгөн себептерге байланыштуу Банк аткарбагандыгынан же аткаргандыгынан болгон кесепеттер үчүн Кардар Банкка эч кандай талап же доо койбоого макул. | А.10.5 Клиент согласен не предъявлять никаких претензий или исков к Банку за любые последствия по исполнению или неисполнению Банком распоряжений Клиента по причинам, указанным в пунктах А.10.3. и А.10.4 настоящего раздела Договора. |
| А.10.6 Кардардын арызында нускамалар ар кандай факс аркылуу жөнөтүлөт деп белгиленбеген учурда анын эсептешүү эсебин/терин тескөөгө тийиштүү факстык же электрондук нускамаларды Кардардын арызында номери көрсөтүлгөн факсималдуу аппарат аркылуу гана, же Кардардын арызында көрсөтүлгөн электрондук дарек аркылуу гана бере тургандыгын декларациялайт. | А.10.6 Клиент декларирует, что свои факсовые или электронные инструкции, касающиеся распоряжения его расчетным счетом/ами, он будет передавать только с факсимильного аппарата, номер которого указан в заявлении Клиента, или с электронного адреса, указанного в заявлении Клиента, если только в заявлении Клиента не указано, что инструкции будут отправляться с любого факса. |
| А.10.7 Факстын же электрондук почтанын так номери арызда көрсөтүлгөн учурда, Кардардын факсималдык аппаратынын же электрондук почтанын номерин өзгөртүү Банкты факсималдык аппараттын жаңы номери же электрондук почтанын жаңы дареги жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлоо жолу менен жүргүзүлөт. | А.10.7 В случае указания в заявлении конкретного номера факса или электронной почты, изменение номера факсимильного аппарата или электронной почты Клиента производится путем письменного извещения Банка о новом номере факсимильного аппарата или адресе электронной почты. |
| А.10.8 Банк өзүнүн факстарынын номерлеринин бардык өзгөртүүлөрү жөнүндө Банктын веб-сайтында ал маалыматты жайгаштыруу менен Кардарды кабарлайт. Банк Кардардын А.10.6. пунктунда көрсөтүлгөн номерге же А.10.7. пунктуна ылайык Банк тарабынан ал жөнүндө кабар алынган номерге туура келбеген же андан айырмаланган номердеги факсималдык аппараттан, же ушул Келишимдин А.10.6. жана А.10.7. пункттарынын шарттарына туура келбеген электрондук даректен жөнөтүлгөн кандай болбосун бардык документин аткаруусуз калтырууга укугу бар. | А.10.8 Банк будет извещать Клиента о любых изменениях номеров своих факсов, разместив эту информацию на веб-сайте Банка. Банк вправе оставить без исполнения любой документ Клиента, поступивший по факсу, в случае, если он отправлен Клиентом с факсимильного аппарата, номер которого не соответствует и отличается от номера, указанного в пункте А.10.6. настоящего раздела Договора или номера, уведомление о котором было получено Банком в соответствии с п.А.10.7 настоящего раздела Договора или с иного электронного адреса, не соответствующего условиям пунктов А.10.6 и А.10.7 настоящего Договора. |
| А.10.9 Факс же электрондук почта аркылуу берилген документтердин ар бир барагына Кардар колтамга коюуга тийиш. Банк Кардардын ыйгарым укуктуу жактары тарабынан колтамга коюлган, Кардардын Банкка берген колтамгаларынын жана мөөр тамгасынын үлгү карточкаларында турган Кардардын мөөрүнүн тамгасы бар , ошондой эле эгер Кардар шифр колдонуу кызматына кол койгон учурда Банк жана Кардар тарабынан белгиленген шифрлөө системасына туура келген шифры бар факстык же электрондук | А.10.9 Все страницы переданных факсом или по электронной почте документов должны быть подписаны Клиентом. Банк будет исполнять только те факсовые или электронные документы, которые подписаны уполномоченными лицами Клиента с наличием оттиска печати Клиента, содержащимися в карточках образцов подписей и оттиска печати, представленных Клиентом в Банк, а также на котором присутствует шифр, который соответствует системе шифрования, установленной Банком и |

| | |
|---|---|
| документтерди гана аткарат. Кардардын төлөмдүк документиндеги кол тамга же мөөр тамгасы Кардардын Банкка берген колтамгаларынын жана мөөр тамгасынын үлгү карточкаларында турган Кардардын ыйгарым укуктуу жагынын колтамгасынын жана мөөр тамгасынын үлгүсүнө туура келбеген учурда Кардардын буйруктарын, ошондой эле шифры жок түшкөн төлөмдүк тапшырмаларын (Кардардын арызына ылайык шифр милдеттүү болуп саналган учурда) аткарбагандыгы үчүн Банк жоопкерчиликте болбойт. | Клиентом, если Клиент подписался на данную услугу с применением шифра. Банк не несет ответственности за неисполнение распоряжений Клиента в случае несоответствия подписи или оттиска печати на платежном документе Клиента образцу подписи уполномоченных лиц Клиента или оттиску печати, содержащимся в карточках образцов подписей и оттиска печати, представленных Клиентом в Банк, а также платежных поручений, поступивших без шифра (если шифр является обязательным в соответствии с заявлением Клиента). |
| А.10.10 Факс же электрондук почта аркылуу берилген Кардардын документин алган учурда, Банк аны Кардардын кошумча ырастамасын күтүүсүз аткарууга алат. Банк факстык же электрондук документтеги колтамганы салыштырууда зарыл деңгээлде кылдат көңүл бурат. | А.10.10 При получении переданного факсом или по электронной почте документа Клиента, Банк исполняет его, не дожидаясь дополнительных подтверждений от Клиента. Банк проявляет необходимую внимательность при сличении подписи в факсовом или электронном документе. |
| А.10.11. Кардар факстык же электрондук документке тастыктама катары факс же электрондук почта аркылуу берилген документтин түп нускасын кечиктирбестен Банкка почта же башка байланыш каражаттары аркылуу жөнөтүүгө милдеттенет. Факсималдуу же электрондук документти жөнөткөн күндөн тартып бир календардык айдан кечиктирилбеген мөөнөт Кардардын мындай документтеринин түп нускасын алуунун акыркы мөөнөтү болуп саналат. | А.10.11 Клиент обязуется немедленно отправить в Банк по почте или другими средствами связи оригинал документа, переданного факсом или по электронной почте, как подтверждение к факсовому или электронному документу. Крайним сроком получения Банком оригиналов таких документов Клиента будет считаться срок не позднее одного календарного месяца со дня отправки факсимильного или электронного документа. |
| А.10.12. Кардардын Банкка жөнөткөн факстык же электрондук документи ачык жана Банк аларды аткарууда эч кандай шектенүүсү пайда болбогондой түрдө жол-жоболоштурулууга тийиш. Түп нуска менен факстык жана/же электрондук буйруктун ортосунда туура келбестиктер болгон учурда Банк факстык жана/же электрондук көчүрмөлөрдү анык жана туура аткарылган деп эсептейт, ал эми түп нускасын факстык жана/же электрондук көчүрмөгө туура келбейт жана Банк тарабынан алынган жок деп эсептелинет. Бул учурда Кардар 10 күндүн ичинде Банкка түп нусканы мурда жөнөткөн факстык жана/же электрондук документке мазмуну боюнча туура келген документке алмаштырууга милдеттенет. | А.10.12 Факсовые или электронные документы Клиента, отправленные в Банк, должны быть ясными и оформлены таким образом, чтобы у Банка не возникло никаких сомнений при их исполнении. При наличии несоответствия между оригиналом и факсовым и/или электронным распоряжением Банк считает факсовые и/или электронные распоряжения как достоверные и правильно исполненные им, а оригинал, не соответствующий факсовой и/или электронной копии, считается не полученным Банком. В этом случае Клиент обязуется в течение 10 дней произвести замену оригинала на документ, соответствующий по содержанию факсовому и/или электронному документу, высланному ранее в Банк. |
| А.10.13.Банк Кардардан документтин түп нускасын ушул Келишимдин А.10.11 пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттө албаган учурда, Банк Кардардын эсептешүү эсеби/эсептери боюнча | А.10.13 В случае неполучения Банком от Клиента оригинала документа в срок, указанный в п.А.10.11 настоящего Договора, Банк вправе приостановить все дебетовые |

бардык дебеттик операцияларды токтотууга укуктуу. Ошондой эле, Банкка мурда жөнөтүлгөн факстык жана/же электрондук документтин мазмунуна туура келген документтин түп нускасын Банкка ушул Келишимдин А.10.11. жана А.10.12.пунктарында каралган мөөнөттө бербеген учурда Банк Кардардын эсептешүү эсеби/эсептери боюнча бардык дебеттик операцияларды токтотууга укуктуу.

операции по расчетному счету/счетам Клиента. Банк также вправе приостановить все дебетовые операции по расчетному счету/счетам Клиента в случае непредставления в Банк оригинала документа, соответствующего по содержанию факсовому и/или электронному документу, высланному ранее в Банк, в срок, предусмотренный п.А.10.11 и п.А.10.12 настоящего Договора.

***В) Эсептешүү эсебин кредиттөө (овердрафт)***

В.10.1 Ушул Келишимге карата Кошумча Макулдашуунун негизинде Кардарга эсеп валютасында лимит жана овердрафт белгиленет.

В.10.2 Овердрафттын колдонуу мөөнөтү, анын өлчөмү жана Жылдык пайыздык чени, сунушталган камсыздоо (күрөө, кепилдик) ушул Келишимге карата кошумча Макулдашууда каралат, мында овердрафты пайдалануу эрежеси ушул Келишим менен белгиленет.

Тараптар овердрафттын пайдаланылбаган бөлүгүнө (лимитине) карата колдонулуучу мөөнөттөрдү жана шарттарды, анын ичинде, бирок алар менен чектелбестен, жылдык пайыздык чендин өлчөмүн, овердрафттын же аны пайдалануу мөөнөтүн өзгөртүү, Кардардын укуктарын бузуучу жана/же милдеттенмелерин көбөйтүүчү болуп саналбайт экендигин ырасташат. Мындай шарттарды өзгөртүүлөр Банк тарабынан бир тараптуу тартипте мындай өзгөртүүлөр жөнүндө Кардарга жазуу жүзүндөгү билдирүү менен киргизилиши мүмкүн, жана эгерде алынган билдирүүдө башка мөөнөт көрсөтүлбөсө, Кардар ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган жогоруда көрсөтүлгөн билдирүүнү алган учурдан тарта күчүнө кирет. Эгерде Кардар Банктын билдирүүсүндө көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр менен макул болбосо, Банк Кардардын жазуу жүзүндөгү каршылыгын алган учурдан тартып, каалаган убакта Кредиттик линиянын пайдаланылбаган бөлүгүн жокко чыгарууга укуктуу. Кийинчерээк Кардарга Банк тарабынан сунушталган жана билдирүүдө көрсөтүлгөн жаңы шарттарда, овердрафт берилиши мүмкүн.

***В) Кредитование расчетного счета (овердрафт)***

В.10.1 На основании Дополнительного соглашения к настоящему Договору Клиенту устанавливается лимит на овердрафт в валюте счета.

В.10.2 Срок действия овердрафта, его размер и Годовая процентная ставка, предоставляемое обеспечение (залог, поручительство) предусматриваются Дополнительным соглашением к настоящему Договору, при этом правила пользования овердрафтом устанавливаются настоящим Договором.

Стороны подтверждают, что изменение сроков и условий, применяемых к неиспользованной части (лимита) овердрафта, в том числе, но не ограничиваясь, размера годовой процентной ставки, срока овердрафта или пользования им, не являются ухудшающими права и/или увеличивающими обязанности Клиента. Изменение таких условий может быть произведено Банком в одностороннем порядке с письменным уведомлением Клиента о таких изменениях, которые вступают в силу с момента получения Клиентом вышеуказанного уведомления, являющегося неотъемлемой частью настоящего Договора, если иной срок не указан в самом уведомлении. В случае если Клиент не согласен с изменениями, указанными в уведомлении Банка, Банк имеет право, в любое время с момента получения письменного возражения Клиента, аннулировать неиспользованную часть лимита по овердрафту. В последующем овердрафт может быть предоставлен Клиенту на новых условиях, предложенных Банком и указанным в уведомлении.

Изменение сроков и условий, применяемых к использованной части (лимита) овердрафта, если это ухудшает права и/или увеличивает

| | |
|---|---|
| Овердрафттын колдонулган бөлүгүнө карата колдонулуучу мөөнөттөрдү жана шарттарды өзгөртүү, эгерде бул Кардардын укуктарын бузса жана/же милдеттенмелерин көбөйтсө, тараптардын макулдашуусу боюнча жүргүзүлөт. | обязанности Клиента, производится по соглашению сторон. |
| В.10.3 Овердрафт Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Кошумча макулдашуунун №1 Тиркемесинде (мындан ары №1 Тиркеме) каралган мөөнөткө жана шарттарда берилет. | В.10.3 Овердрафт предоставляется на срок и на условиях, предусмотренных Приложением №1 к Дополнительному соглашению, являющемуся неотъемлемой частью настоящего Договора (далее по тексту – Приложение №1). |
| В.10.4 Кардар тарабынан банктык операциялар жасалганда Кардардын эсептешүү эсебинде акча каражаты жетишсиз болгон учурда Банк белгиленген сумманын жана мөөнөттүн чегинде Кардарга овердрафт берет. Овердрафттын негизги суммасы боюнча карыз Кардардын эсептешүү эсебине акча каражаты түшкөн, бирок үч айда бир жолудан сейрек эмес - эсептешүү айынын акыркы жумушчу күнүндө тындырылууга тийиш. | В.10.4 При совершении Клиентом банковских операций, в случае недостаточности денежных средств на расчетном счете Клиента, Банк в пределах установленной суммы и сроков предоставляет Клиенту овердрафт. Задолженность по основной сумме овердрафта должна погашаться в момент поступления денежных средств на расчетный счет Клиента, но не реже чем один раз в три месяца – в последний рабочий день расчетного месяца. |
| В.10.5 Овердрафтты пайдалангандык үчүн пайыз Банк тарабынан ай сайынкы негизде, эсептешүү айынын аягында өндүрүлөт жана овердрафтты накта пайдаланган күнгө негизденет. | В.10.5 Проценты за пользование овердрафтом взимаются Банком на ежемесячной основе в конце расчетного месяца и рассчитываются исходя из фактических дней пользования овердрафтом. |
| В.10.6 Календардык айдын аягында Кардардын овердрафты болгон учурда, анда: | В.10.6 В случае если в конце календарного месяца Клиент имеет овердрафт по счету, то: |
| В.10.6.1 Кошуп эсептелген пайыздар учурдагы календарлык айдын акыркы күнүнө чейин жарым-жартылай алынып турат, бул учурда овердрафтты пайдалануу үчүн пайыздарды төлөө овердрафт берилген күнү жүргүзүлбөйт. Кардардын овердрафтты кийинки календарлык ай ичинде пайдаланган күндөрү үчүн төлөнүүгө тийиш болгон пайыздардын калган бөлүгүн Банк кийинки календарлык айдын аягында тиешелүү эсептешүү айында овердрафттын иш жүзүндө пайдаланылган күндөрү үчүн алат. | В.10.6.1 начисленные проценты будут взиматься частично до даты последнего дня текущего календарного месяца, при этом уплата процентов за пользование овердрафтом в день предоставления овердрафта не производится. Остальную же часть процентов, подлежащих уплате за использованные Клиентом дни овердрафта в течение следующего календарного месяца, Банк взимает в конце следующего календарного месяца за фактически использованные дни овердрафта в соответствующем расчетном месяце. |
| В.10.6.2 Ушул келишимдин бардык шарттарын, анын ичинде овердрафт пайдалангандык үчүн кошуп эсептелген пайыздарды колдонуу менен Банк тарабынан өндүрүлгөн кошумча пайыздар овердрафт деп эсептелет. | В.10.6.2 взимаемые Банком начисленные проценты будут считаться овердрафтом с применением к нему всех условий настоящего договора, в том числе начисление процентов за использование овердрафта. |
| В.10.7 Пайыздар боюнча эсептешүүдө Банк жана Кардар 365 күнгө тең узактыктагы жылга жана овердрафтты накта пайдаланган күнгө негизденишет. | В.10.7 При расчете процентов Банк и Клиент исходят из продолжительности года равной 365 дням и фактически использованных дней овердрафта. |

| | |
|---|---|
| В.10.8 Овердрафт Кардардын эсептешүү эсебине акча каражаттарынын түшүүсүнүн эсебинен жоюлат. Овердрафт Кардар тарабынан нак түрдө да, нак эмес түрдө да жоюлушу мүмкүн.<br>Кардар анын кошумча макулдугусуз (акцептсиз тартипте) Кардардын Банктагы эсептешүү эсебинен овердрафт боюнча карыздын суммасын эсептен чыгарууга Банкка укук берет. Кардардын овердрафт орнотулган эсебине акча каражаттарынын бардык түшүүлөрү, эгер бул сумма аталган эсепте эң аз дегенде кийинки жумуш күнүнө чейин турган учурда гана карызды жабуунун эсебине жумшалат. Башкача айтканда, овердрафтты бардык жаңы депонирленген акча каражаттары кийинки иш күнүнө чейин турган учурда жоюуга болот, ошол эле учурда берилген күндөн баштап 90 күнгө чейин пайдаланууга (нак акчага айлантууга) тыюу салынбайт. | В.10.8 Овердрафт будет погашен за счет поступлений денежных средств на расчетный счет Клиента. Овердрафт будет погашаться Клиентом как в наличной, так и в безналичной формах. Клиент предоставляет Банку право без его дополнительного согласия (в безакцептном порядке) списывать с расчетного счета Клиента в Банке сумму задолженности по овердрафту. Все поступления денежных средств на счет Клиента, к которому установлен овердрафт, идут в счет закрытия долга, только если эта сумма будет находиться на данном счете как минимум до следующего рабочего дня. То есть, погашение овердрафта возможно при условии нахождения всех вновь депонированных денежных средств до следующего рабочего дня, при том, что использование (обналичивание) не запрещается до 90го дня со дня выдачи. |
| В.10.9 Овердрафт боюнча карызды тындыруу Кардар тарабынан Банктын жумуш күндөрү овердрафттын валютасында жүргүзүлөт. Банк эгер Кардар өз милдеттерин аткаруу үчүн акча төлөгөн учурда, же Банк анын овердрафтын ваютасынан айырмаланган валютадагы карызын Кардардын эсептешүү эсебинен тындыруу жүргүзгөн учурда Банк акча каражатын конвертация жүргүзүүгө укуктуу. Кардар ушуну менен конвертация учурунда Банк тарабынан белгиленген коммерциялык курс боюнча валюта сатып алуу менен андай сумманы конвертациялоого макулдугун берет. | В.10.9 Погашение задолженности по овердрафту должно производиться Клиентом в валюте овердрафта в рабочие дни Банка. Банк имеет право произвести конвертацию денежных средств в случае, если Клиент выплачивает деньги во исполнение собственных обязательств либо Банк производит списание денег с расчетных счетов Клиента в погашение его задолженности в валюте, отличной от валюты овердрафта. Клиент настоящим дает согласие на конвертацию таких сумм по коммерческому курсу покупки валюты, установленному Банком на момент конвертации. |
| В.10.10 Кардардын Банктагы эсептешүү эсеби боюнча көчүрмө овердрафт боюнча карыздын бар экендигин тастыктаган документ болуп саналат. | В.10.10 Документом, подтверждающим наличие задолженности по овердрафту, является выписка по расчетному счету Клиента в Банке. |
| В.10.11 Банк кандай болбосун бардык негиздемелер боюнча, анын ичинде (бирок аны менен гана чектелбестен) Кардардын финансылык абалынын өзгөргөн, Кардардын эсептешүү эсеби боюнча кредиттик жүгүртүү өлчөмүнүн азайган, камсыздоо абалына карата (эгер ал ушул Келишимге карата кошумча макулдашууда каралган болсо), кредиттик ресурстарды берүүдө рыноктук шарттардын өзгөрүшү, Банктын бош кредиттик ресурстарынын жоктугу себептеринен жана Банктын кароосу боюнча башка себептерден | В.10.11 Банк вправе отказать в предоставлении овердрафта и/или аннулировать установленный лимит на овердрафт по любым основаниям, в том числе (но не ограничиваясь) по причинам изменения финансового положения Клиента, уменьшения размера кредитового оборота по расчетному счету Клиента, состояния обеспечения (если оно было предусмотрено Дополнительным соглашением к настоящему Договору), изменения рыночных условий предоставления кредитных ресурсов, отсутствия свободных |

| | |
|---|---|
| улам овердрафт берүүдөн баш тартууга жана/же овердрафтка белгиленген лимитти жокко чыгарууга Банктын укугу бар. | кредитных ресурсов у Банка и иным причинам на усмотрение Банка. |
| В.10.12 Банк алдындагы Кардардын кредиттик карызы кошуп эсептелген пайыздары, комиссиялык сыйакы жана ушул Келишимди жана ага кошумча макулдашууларды колдонуу мөөнөтү ичинде пайда болуучу башка ар кандай төлөмдөр Кардар тарабынан толук көлөмдө тындырылууга тийиш. Кардардын эсебинде белгиленген мөөнөттө пайыздарды алуу үчүн зарыл суммадагы акча каражаты болбогон учурда, Банк тарабынан эсептелген пайыздар овердрафт үчүн, анын ичинде овердрафты пайдалангандыгы үчүн пайыздарды эсептөөгө белгиленген бардык шарттарды колдонуу менен овердрафт боюнча лимиттин эсебинен алынат, ал эми белгиленген пайыздарды алуу үчүн лимиттин жетишсиздиги шартында, мындай пайыздар Кардардын мөөнөтүндө төлөнбөгөн карызы катары эсептелет. | В.10.12 Кредитная задолженность Клиента перед Банком, начисленные проценты, комиссионное вознаграждение и любые другие платежи, которые могут возникнуть в течение срока действия настоящего Договора и дополнительных соглашений к нему, должны погашаться Клиентом в полном объеме. При отсутствии необходимой суммы денежных средств на счете Клиента для взимания процентов в установленные сроки, начисленные Банком проценты будут взиматься за счет лимита по овердрафту с применением к нему всех условий, установленных для овердрафта, в том числе начисление процентов за использование овердрафта, а в случае недостаточности лимита для взимания начисленных процентов, такие проценты будут считаться просроченной задолженностью Клиента. |
| В.10.13 Овердрафтты жана/же Банктын пайыздарын, жана/же комиссияларды жана/же ушул Кошумча макулдашууда, №1 Тиркемеде жана Банктын учурдагы Тарифтеринде каралган башка төлөмдөрдү жоюу кечиктирилген жана/же жоюунун шарттары бузулган учурда Кардар ар бир кечиктирген күн үчүн №1 Тиркемеде көрсөтүлгөн овердрафт боюнча карыздын суммасынан жогорулатылган пайызды жана ар бир кечиктирилген күн үчүн өз учурунда төлөнбөгөн пайыздардын суммасынан №1 Тиркемеде аныкталган өлчөмдөгү туумду Банкка төлөп берет. | В.10.13 В случае задержки и/или нарушения условий погашения овердрафта и/или процентов Банку, и/или комиссий и/или иных платежей, предусмотренных настоящим Дополнительным соглашением, Приложением №1 и действующими тарифами Банка, Клиент выплачивает Банку повышенный процент, указанный в Приложении №1 от суммы задолженности по овердрафту за каждый день просрочки и пеню в размере, установленном Приложением №1 от суммы невыплаченных своевременно процентов за каждый день просрочки. |
| Эгер Кардар жүргүзгөн төлөмдүн суммасы овердрафт боюнча карызды толук жоюу үчүн жетишсиз болсо, анда биринчи кезекте овердрафт боюнча негизги карыздын суммасы жоюлат, андан кийин Банктын Кошумча келишим боюнча аткарууну алуу үчүн чыгашалары, андан кийин кошуп эсептелген пайыздардын, комиссиялардын жана башка төлөмдөрдүн, кошуп эсептелген жогорулатылган пайыздардын жана туумдардын суммасы, эгерде башкача тартип мыйзамдар тарабынан аныкталбаса, жоюлат. Карызды жоюунун бул тартиби Кардардын арызы боюнча Банк тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн. | В случае если сумма произведенного Клиентом платежа недостаточна для погашения задолженности по овердрафту полностью, в первую очередь погашается сумма основной задолженности по овердрафту, затем издержки Банка по получению исполнения по Дополнительному соглашению, а затем сумма начисленных процентов, комиссионных и иных платежей, начисленных повышенных процентов и пени, если иной порядок не будет установлен законодательством. Данный порядок погашения задолженности может быть изменен Банком по заявлению Клиента.<br>Банк вправе без дополнительного согласия Клиента (в безакцептном порядке) списать с его |

Банк Кардардын кошумча макулдугусуз (акцептсиз тартипте) анын Банктагы эсебинен (эсептеринен) кошуп эсептелген туумдун жана жогорулатылган пайыздардын, комиссиялардын жана башка төлөмдөрдүн, анын ичинде Банктын ушул Келишимди аткарууга байланышкан чыгымдарын эсептен чыгарууга укуктуу.

счета(ов) в Банке суммы начисленных пени и повышенных процентов, комиссионных и иных платежей, в том числе расходы Банка, связанные с исполнением настоящего Договора.

В.10.14 Кардар тарабынан карызды тындыруу боюнча милдеттер аткарылбаган учурда Банк Кардардын күрөө мүлкүнө жана/же башка кандай болбосун бардык активине жаза колдонууга, анын ичинде жана аны менен гана чектелбестен, Кардардын банкта ачылган бардык эсептешүү эсебинен акча каражатын Кардардын кошумча макулдугун албастан (акцептисиз тартипте) эсептен чыгарууга укуктуу.

В.10.14 В случае невыполнения Клиентом обязательств по погашению задолженности, Банк вправе обратить взыскание на залоговое имущество и/или любые иные активы Клиента, включая, но не ограничиваясь, правом на списание без дополнительного согласия Клиента (в безакцептном порядке) денежных средств с любых его расчетных счетов, открытых в Банке.

В.10.15 Кардар финансылык баластарды жана финнсы- чарба иштери тууралуу отчетторду чейрек сайын Банкка берип турат.

В.10.15 Клиент предоставляет Банку ежеквартально финансовые балансы и отчеты о финансово-хозяйственной деятельности.

**С) «Интернет-Банкинг» системасын пайдалануу менен операцияларды ишке ашыруу**

***С) Осуществление операций с использованием системы «Интернет-Банкинг»***

С.10.1. Кардар тарабынан тийиштүү арыз берилген учурда, Банк Кардарга төмөндөгү кызматтарды көрсөтөт:

а) «Интернет-Банкинг» системасында (толук жетүү режиминде) тейлөө боюнча (Банк тарабынан белгиленген операцияларды жасоону кошкондо) ;

б) «Интернет-Банкинг» системасы (кароо режими) аркылуу Кардардын эсеби(тери) боюнча маалыматтарга Кардардын кызматкеринин(леринин) жетүүсү.

*С.10.1*-пунктунда белгиленген кызматтарды көрсөтүү ушул Келишимде каралган шарттарда ишке ашырылат.

С.10.1 В случае подачи Клиентом соответствующего заявления, Банком по выбору Клиента предоставляется услуга:

а) по обслуживанию (включая совершение операций, перечень которых установлен Банком) в системе «Интернет-Банкинг» (режим полного доступа);

б) по доступу сотрудника (ков) Клиента к информации по счету(ам) Клиента через систему «Интернет-Банкинг» (режим просмотра).

Предоставление услуг, указанных в п.С.10.1, осуществляется на условиях, предусмотренных настоящим Договором.

С.10.2. Банк Кардарга Индивидуалдуу интернет номерин (мындан ары - ИИН) ыйгарат.

С.10.2 Банк присваивает Клиенту Индивидуальный интернет-номер (далее - ИИН).

С.10.3. Банктык тейлөө алкагында (Банк тарабынан белгиленген операцияларды жасоо мүмкүнчүлүгүн кошо алганда) «Интернет-Банкинг» системасында Банк Кардарга төмөндөгү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- Жумасына 7 күн, суткасына 24 саат «Интернет-Банкинг» системасына жете алат;
- өзүнүн (дөрүнүн) эсептешүү эсебиндеги (териндеги) маалыматтарды жана

С.10.3 В рамках банковского обслуживания (включая возможность совершения перечня операций, установленных Банком) в системе «Интернет-Банкинг» Банк предоставляет Клиенту возможность:

– 24 часа в сутки 7 дней в неделю иметь доступ к системе «Интернет-Банкинг»;
– отслеживать информацию и остатки на своем(их) расчетном(ых) счете(ах), а также

калдыктарды иликтей алат, ошондой эле акча кражатынын жүгүртүлүшү жана жүргүзүлгөн банктык операциялар жөнүндө маалыматтарды карай алат жана кагазга басып чыгара алат;

- «Интернет-Банкинг» системасында негиздеме маалыматтарды алат;
- Кардардын толтурулган арызынын негизинде эсептешүү эсеби (эсептери) боюнча көчүрмөлөрдү, ошондой эле КРУБдун эсептик курсун алып турууга.

Эгер Кардарга С.10.1 пунктунун А) кичи пунктунда каралган эсептешүү эсеби(тери) боюнча операцияларды жасоо мүмкүнчүлүгү менен «Интернет-Банкинг» системасы толук жетүү режиминде жеткиликтүү болсо:

- Банктын Тарифтеринде көрсөтүлгөн, Банк тарабынан орнотулган стандарттык лимиттердин чегинде алмаштыруу операцияларын (чет өлкөлүк валютаны сатып алуу-сатууну) Банктын верификациясын сурабастан жүргүзүүгө.
- эгер суммалар Банк тарабынан орнотулган стандарттык лимиттерден ашык болсо, анда алмаштыруу операцияларын (чет өлкөлүк валютаны сатып алуу-сатууну) Банк тарабынан тиешелүү иштелме ишке киргизилгенден кийин Кардар колдоно ала турган Банктын верификациясынан кийин келишимдик курс боюнча жүргүзүүгө.
– ушул Келишимге ылайык, же Банк тарабынан белгиленген, Кардардын өзү тарабынан каралган лимиттин чегинде өзүнүн эсептешүү эсебинен Банкта ачылган үчүнчү жактын эсебине акча каражатын которууну ишке ашырат. Мында, Кардардын өзүнүн эсептешүү эсебинен Банкта ачылган үчүнчү жактын эсебине акча каражатын которуу жөнүндө инструкциясы жумасына 7 күн, суткасына 24 саат ичинде Банкка жөнөтүлүшү мүмкүн. Мында, Кардардын эсептешүү эсеби боюнча операция Банк тарабынан реалдуу мезгил режиминде жүргүзүлөт. Эгер, Банктын макулдугу боюнча Кардардын эсеп режиминде башка учурлар каралбаган болсо, Кардар Банктын башка кардарларына төлөмдөрдү чет өлкөлүк валютада жүргүзбөгөнгө милдеттенет.
– Банкта ачылган өзүнүн эсептешүү эсеби боюнча ушул Келишимге ылайык, же Банк тарабынан белгиленген, Кардардын өзү тарабынан каралган лимиттин чегинде акча

просматривать и распечатывать информацию о движении денежных средств и о проведенных банковских операциях;

– получать справочную информацию в системе «Интернет-Банкинг»;
– получать выписки по расчетному(ым) счету(ам), а также учетный курс НБКР на основании заполненного заявления Клиента.

В случае, если система «Интернет-Банкинг» доступна Клиенту в режиме полного доступа с возможностью совершения операций по расчетному(ым) счету(ам), предусмотренного подпунктом А) пункта С.10.1:

– осуществлять обменные операции (куплю-продажу иностранной валюты) в пределах стандартных лимитов, установленных Банком, указанных в Тарифах Банка без верификации Банка;
– в случае если суммы, превышают стандартные лимиты, установленные Банком, осуществлять обменные операции (куплю-продажу иностранной валюты) по договорному курсу с верификацией Банка, которая будет доступна Клиенту после внедрения Банком соответствующей разработки;
– осуществлять переводы денежных средств со своего расчетного счета на счета третьих лиц, открытые в Банке, в пределах лимитов, предусмотренных самим Клиентом согласно настоящему Договору, или установленных Банком. При этом инструкция Клиента о переводе денежных средств со своего расчетного счета на счета третьих лиц, открытые в Банке, может быть направлена в Банк в течение 24 часов в сутки 7 дней в неделю. При этом операции по расчетному счету Клиента проводятся Банком в режиме реального времени. Клиент обязуется не производить платежи в иностранной валюте другим клиентам Банка, если только иное не предусмотрено режимом счета Клиента, по согласованию с Банком;
– осуществлять переводы денежных средств по своим расчетным счетам, открытым в Банке, в пределах лимитов, предусмотренных самим Клиентом, согласно

каражатын которот. Мында, Кардардын Банкта ачылган өзүнүн эсептешүү эсеби боюнча акча каражатын которуу жөнүндө инструкциясы жумасына 7 күн, суткасына 24 саат ичинде Банкка жөнөтүлүшү мүмкүн жана Банк тарабынан реалдуу мезгил режиминде аткарылат.

– Кыргызстандын башка коммерциялык банктарында ачылган үчүнчү жактардын эсебине акча каражатын которуу клирингдик/гроссовдук/ Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын (мындан ары – КРУБ) башка эсептешүү системасы боюнча аткарылат. Мында, Кыргызстандын башка коммерциялык банктарында ачылган үчүнчү жактардын эсебине кыргыз сому менен акча каражатын которуу жөнүндө Кардардын инструкциясы жумасына 7 күн, суткасына 24 саат ичинде Банкка жөнөтүлүшү мүмкүн. Кардардын ушундай инструкциясы эсептешүү системасынын ар бир сааты үчүн белгиленген банктык күндүн ичинде Банк тарабынан аткарылат. Көрсөтүлгөн убакыттан кийин Банк тарабынан алынган инструкцияны Банк кийинки банктык күнү аткарат. Кардар тарабынан жумуш эмес күндөрү жөнөтүлгөн инструкцияны Банк жумуш эмес күндөн кийинки биринчи банктык күнү аткарат.

– Банк «Интернет-Банкинг» тутумунан толук пайдалануу режиминин тиешелүү функциясын ишке киргизгенден кийин, «Интернет-банкинг» тутумунда колдонууга мүмкүн болгон акча каражаттарын башка банктарда ачылган үчүнчү жактардын эсептерине чет өлкөлүк валютада которуу жөнүндө Банкка көрсөтмө берүүгө. Мындай чет өлкөлүк валютада акча каражаттарын нак эмес которууну аткаруу жөнүндө Кардардын нускамасы Банк тарабынан эл аралык СВИФТ тутуму боюнча банктын өз ыктыяры боюнча каалаган корреспонденттик эсеби аркылуу аткарылат. Акча каражаттарын мындай чет өлкөлүк валютада нак эмес которууну аткаруу жөнүндө Кардардын нускамасы жумада 7 күн 24 сааттык режимде жөнөтүлүшү мүмкүн. Банк тарабынан Банктык күн ичинде, Банк аныктаган, Банктын расмий сайтында жайгаштырылган операциялык сааттарда алынган Кардардын нускамаларын Банк ошол эле Банктык күндө «күн ичинде» (“same value date”) валютирлөө

настоящему Договору, или установленном Банком. При этом инструкция Клиента о переводе денежных средств по своим расчетным счетам, открытым в Банке, может быть направлена в Банк в течение 24 часов в сутки 7 дней в неделю и будет исполнена Банком в режиме реального времени;

– осуществлять переводы денежных средств в кыргызских сомах на счета третьих лиц, открытых в других коммерческих банках Кыргызстана, по клиринговой/гроссовой/иным системам расчетов Национального Банка Кыргызской Республики (далее – НБКР). При этом инструкция Клиента о совершении безналичного перевода денежных средств в кыргызских сомах на счета третьих лиц, открытых в других коммерческих банках Кыргызстана, может быть направлена в Банк в течение 24 часов в сутки 7 дней в неделю. Исполнение такой инструкции Клиента осуществляется Банком в течение банковского дня в установленные для каждой системы расчетов часы. Инструкции, полученные Банком после указанного времени, исполняются Банком на следующий банковский день. Инструкции, отправленные Клиентом в нерабочие дни, исполняются Банком в первый банковский день, следующий за нерабочим днем;

– после внедрения банком соответствующей функции в системе «Интернет-Банкинг» режима полного доступа давать Банку указания о переводе денежных средств в доступной в системе «Интернет-банкинг» иностранной валюте на счета третьих лиц, открытые в других банках. Инструкции Клиента о совершении безналичного перевода денежных средств в такой иностранной валюте исполняются Банком по международной системе СВИФТ через любой из корреспондентских счетов банка, на его усмотрение. Инструкция Клиента о совершении безналичного перевода денежных средств в такой иностранной валюте может быть направлена в Банк в течение 24 часов в сутки 7 дней в неделю. Инструкции Клиента, полученные Банком в течение банковского дня в установленные Банком операционные часы, размещенные на официальном сайте Банка, исполняются Банком в тот же банковский день с датой

датасы менен аткарат. Банк тарабынан аныкталган сааттардан кийин алынган нускамалар кийинки Банктык күндө «кийинки күндө» (“next value date”) валютирлөө датасы менен аткарылат. Жумуш эмес күндөрү жөнөтүлгөн Кардардын нускамалары жумуш эмес күндөн кийинки биринчи Банктык күндө «күн ичинде» (“same value date”) валютирлөө датасы менен аткарылат;
– «Интернет-Банкинг» системасы аркылуу Кардарга жеткиликтүү болгон башка операцияларды аткарат.

С.10.4. «Интернет-Банкинг» тутумундагы банктык тейлөө интернеттен колдонууга мүмкүнчүлүгү бар жана тиешелүү зарыл техникалык жабдуусу бар Кардарга сунушталат. Бардык банктык операциялар Кардардын («Интернет-Банкинг» тутуму аркылуу жүргүзүлгөн) тапшырмалары боюнча аткарылат, Кардар «Интернет-Банкинг» тутуму аркылуу өзүнүн эсептешүү эсептеринен колдонуу үчүн өзүнүн колдонуучулук атын, паролун, ПИН-кодун жана Е-ТОКЕНди (Банктын Тарифтерине ылайык кошумча акы төлөө менен «Интернет-Банкинг» тутумунан толук пайдалануу режиминде кошулган учурда «Интернет-Банкинг» тутумуна ар бир жолу кирген сайын тутумга кирүүнүн паролун генерациялап, Кардарга жөнөтүп туруучу атайын түзүлүш) жана башка кирүү коддорун (мындан ары «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүүнүн Коддору деп аталат) киргизет.

С.10.5. Тараптар «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүүнүн Коддору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынуучу Кардардын электрондук колтамгасы болуп саналарын таанышат. Бул Келишимдин Тараптары «Интернет-Банкинг» тутумуна кирүү Коддору колтамганын үлгүлөрүнүн карточкасында көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу жактардын, же Кардар тарабынан берилген ишеним катта, же Банк тарабынан кабыл алына турган башка ыкма менен көрсөтүлгөн жактардын өз колу менен коюлган колтамгаларына жана Кардардын мөөрүнүн оттискине бирдей мааниде экенин таанышат.

С.10.6. Тараптар «Интернет-Банкинг» системасына жетүүнүн туура кодун пайдалануу менен Кардардын эсептешүү эсеби боюнча «Интернет-Банкинг» системасында толук жетүү

валютирования «день в день» (“same value date”). Инструкции, полученные Банком после установленных часов, исполняются Банком на следующий банковский день с датой валютирования «на следующий день” (“next value date”). Инструкции, отправленные Клиентом в нерабочие дни, исполняются Банком в первый банковский день, следующий за нерабочим, с датой валютирования «день в день» (“same value date”);
– осуществлять иные операции, проведение которых доступно Клиенту через систему «Интернет-Банкинг».

С.10.4 Банковское обслуживание в системе «Интернет-Банкинг» предоставляется Клиенту, имеющему доступ в интернет и соответствующее необходимое техническое оборудование. Все банковские операции исполняются Банком по поручениям Клиента (произведенным через систему «Интернет-Банкинг»), которому для доступа к его расчетным счетам через систему «Интернет-Банкинг» передаются имя пользователя, пароль, ПИН-код и Е-ТОКЕН (специальное устройство, генерирующее пароль доступа в систему «Интернет-Банкинг» при каждом входе в систему, передаваемое Клиенту, в случае подключения системы «Интернет-Банкинг» в режиме полного доступа за дополнительную плату согласно Тарифам Банка) и иные коды доступа (далее вместе именуемые Коды доступа к системе «Интернет-Банкинга»).

С.10.5 Стороны признают, что коды доступа к системе «Интернет-Банкинг» являются электронной подписью Клиента, которая регламентируется в соответствии с законодательством Кыргызской Республики. Стороны настоящего договора также признают, что коды доступа к системе «Интернет-Банкинг» признаются равнозначными собственноручной подписи уполномоченных лиц, указанных в карточке образцов подписей и оттиска печати Клиента, либо лиц, указанных в доверенности, выданной Клиентом, или другим способом, приемлемым для Банка.

С.10.6 Стороны признают, что распоряжения Клиента о проведении банковских операций в системе «Интернет-Банкинг» в режиме полного доступа, сделанные по расчетному

| | |
|---|---|
| режиминде банктык операцияларды жүргүзүү жөнүндө Кардардын буйруктары Кардардын өзүнөн чыккан, кол тамгасынын жана мөөр тамгасынын үлгүлөрүнүн карточкасында, же Банкка Кардар тарабынан берилген ишеним катта көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу жактар тарабынан түзүлгөн, бүтүн жана өзгөртүлгөн эмес деп эсептелет жана юридикалык жактан Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жол-жоболоштурулган жана мөөр тамгасы тиркелген кагаз жүзүндө Банкка берилген Кардардын инструкциясына тең келет. | счету Клиента с использованием правильных кодов доступа к системе «Интернет-Банкинг», считаются исходящими от Клиента, составленными уполномоченными лицами, указанными в карточке с образцами подписей и оттиском печати, и/или доверенности, переданных Клиентом в Банк, целостными и неизменными, и юридически приравниваются к инструкциям Клиента, полученным Банком от него на бумажном носителе с приложением оттиска печати и оформленным в соответствии с нормативными правовыми актами Кыргызской Республики. |
| С.10.7. Тараптар, Кардардын арызына ылайык мезгилдик негизде, күн сайын, жума сайын жана ай сайын банк тарабынан берилүүчү эсеп боюнча көчүрмө, Кардардын өзүнүн эсептешүү эсеби боюнча, анын ичинде «Интернет-Банкинг» системасын толук жетүү режиминде пайдалануу менен банктык операцияларды ишке ашыргандыгын тастыктаган документ болуп саналат деп эсептешет. | С.10.7 Стороны признают, что выписка по счету, предоставляемая Банком на периодической основе, ежедневной, еженедельной или ежемесячной согласно заявлению Клиента, является документом, подтверждающим осуществление самим Клиентом банковских операций по своему расчетному счету, в том числе с использованием системы «Интернет-Банкинг» режима полного доступа. |
| <u>С.10.8. Банк төмөндөгүлөргө милдеттенет:</u> | С.10.8 <u>Банк обязуется:</u> |
| - Банктын серверине авторизирленбеген жетүүнү жокко чыгаруу максатында, маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун ички процедураларына жана Банкка белгилүү бардык мүмкүн болуучу ыкмаларга ылайык Кардардын маалыматтарынын конфиденциалдуулугун камсыздоого. | – обеспечить конфиденциальность информации Клиента, в соответствии с внутренними процедурами обеспечения информационной безопасности и всеми возможными способами, известными Банку, в целях исключения неавторизированного доступа к серверу Банка; |
| - Системанын нормалдуу иштешин камсыздоого, «Интернет-Банкинг» системасын пайдалануу процессинде техникалык проблемалар пайда болгон учурда, бардык күч аракеттерди жумшоого жана алгылыктуу мөөнөттө аларды жоюу боюнча бардык мүмкүн болгон аракеттерди көрүүгө. Мында, Кардардын «Интернет-Банкинг» системасынын толук жетүү режиминде иштебегендиги жөнүндө Банкка доо коюуга укугу жок жана ал техникалык проблемаларды жоюу мезгилинде кагаз жүзүндө берилгендерди пайдалануу менен адаттагыдай ыкмалар, же башка жол менен банктык операцияларды жүргүзөт; | – Обеспечить нормальное функционирование системы, в случае возникновения технических проблем в процессе использования системы «Интернет-Банкинг», приложить необходимые усилия и предпринять все возможные действия по их устранению в разумные сроки. При этом Клиент не вправе предъявлять претензий Банку о нефункционировании системы «Интернет-Банкинг» в режиме полного доступа, и в период устранения технических проблем должен осуществлять банковские операции обычным способом с использованием бумажных носителей или иными способами; |
